УДК: 130.2

Эркимбаев М., Джунушева К., Амантурова Ч.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АДЕПТҮҮ, АБИЙИРДҮҮ, ЫЙМАНДУУ БОЛУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Ёлкөдө заманга шайкеш келген нарктуу адептик-ыймандык салттарды, маданияттуу жүрүм-турум адебин калыптандыруу чаралары жүргүзүлүп жатканда жаштарыбыз адептүү, ыймандуу жана билимдүү болушу үчүн өз элинин тарыхы менен маданиятын билүүгө тийиш. Бул макала айрым көңүл бөлүнбөй калган жүрүм – турумдарды эске алсак, жакшы адептерди калыптандырууга аздыр-көптүр таасир этет деген ой менен жазылды.*

***Негизги сёздёр:*** *маданиятуу, жщрщм-турум, адептщщлщк, ыймандуу, абийирдщщлщк.*

*В настоящее время в стране проводится мероприятия, соответственно требованием времени, становления и развития рациональных традиций, обычаев, нравственных поведений перед молодым поколением встала задача быть воспитанным, совестливым, образованным и культурным современным востребованным гражданином общество, для чего необходимо знать историю и культуру своего народа.*

*Учитывая эти требования авторы данной статьи уделили внимание на некоторые забытые, оставшиеся без внимания нравственно-традиционные поведения молодежи с целью помочь в приобретении и сохранении лучших качеств нашего древнего народа.*

***Ключевые слова:*** *культурный, поведение, нравственный, воспитанный.*

*The country will soon be capable of coke moral behavior and moral traditions and cultural etiquette Due to the formation of our young chaste, and learn the history and culture of his people to be educated. Article, some attention has been given the influence of good manners the formation of this article is written with the idea that more or less affected.*

***Key words:*** *culture, behavior, morality, upbringing humble.*

Бүгүн ар бир элдин, улуттун, мамлекеттин келечеги материалдык бардар турмушка жетүүнүн ыңгайлуу жолун ылдам өздөштүрүп жана бакубат руханий баалуулуктарга ээ болууда болуп турат. Азыркы учурда элдин көңүлү базар баалуулуктарына басым жасалып, элдин мүдөөсү, дөөлөттөрү, улуттардын тагдыры жана таламдары сыяктуу руханий көйгөйлөргө жеткиликтүү маани берилбей келе жатат. Мисалы, Кыргызстандын идеологиялык программасынын “Биздин артыкчылыктарыбыз” деген бөлүмүндө “Эл – биздин байлыгыбыз” деп аныкталат. Андай болгондо: “ Байлык түгөнөт, эл да түгөнөбү? Анын ээси ким? Мамлекетпи? Биз деген ким? Бийликтегилерби?”

Ошондой эле “Мен кыргызстандыкмын”, “Мен кыргызмын” деген сезимди калыптандырууну максат кылгандар бар. Бул сезимдер улуттук ар-намыстын мокогонун, өзүн-өзү жаңылоо сапатынын алсырашын көрсөтөт. (1. Рух кенчи, ноябрь 2015. 3-б).

Ёлкөдө 2016-жылды “Тарых жана маданият жылы”, 2017-жылды “Адеп, ыйман жана маданият ”жылы деп атап, элдин көңүлүн руханий баалуулуктарга буруу саясатына буга чейин көңүл бурулбай келген, анча маани берилбеген жүрүм-турумдарга буруп, маданиятуулукка тарбиялоону жалпы элдик маселе деңгээлине көтөрө баштады. Аз эле жылдын ичинде республикада маданий жетишкендиктердин жыйынтыгын “Көчмөндөр оюнунда” дүйнө жүзүнө даңазалап, БУУнун эң жогорку баасына татыктуу болуу элибизге чоң кубаныч алып келгенине баарыбыз күбө болдук. Бул жетишкендик биздин республиканын тышкы имиджин даңазаласа, ички өнүгүүдө элдик мүдөөнү туу туткан өлкө өркүндөйт. Эл ынтымагын, ар намысын, Ата мекенди, эне тилди сактоо мамлекеттин казынасын толтуруудан алда канча маанилүү. Биздин эртең ким болмогубуз биздин кечээ ким болгонубузга байланыштуу, бирок биз реалдуу учурда жашап жаткан соң бүгүнкү инсандык дөөлөттөр, адептүүлүк, ыймандуулукка байланыштуу.

Көп өлкөлөрдө өздөрүнүн элдик салттарын, дөөлөттөрүн, башкаруу структураларын ардактап сактап келишсе, биз өлкөбүздүн атынан баштап анын башчысынын кызматына

чейин, админстративдик-аймактык аталыштарынан баштап уюштуруу-башкаруу системасын башка элдин түшүнүктөрү менен аныктап алганбыз.

Атүгүл, байыркы элдик майрам "Нооруз" мамлекеттик иш катары жүргүзүлөт ( 4. Рух кенчи). Азыркы кездерде Нооруздун, традициялуу белгиленип келе жаткан майрамдардын "кереги жок" деген агымдар пайда болуп, элдин ынтымагына доо кетирүүгө аракет жасагандар бар.

Адептүүлүккө, ыймандуулукка ата-бабалар кылымдар бою көңүл бөлүп, жаштарды, уул-келинди, кыз баланы тарбиялап келишкен жана тарбиялай бермекчи. Алар жөнүндө көптөгөн мисалдарды келтирсек болот. Мисалы: "Мухаммед пайгамбардын осуяттарында айткандарынын дагы эле мааниси зор":

1. Илимди Кытайга да болсо да барып ал.
2. Малдын айыбын жашырып сатпа.
3. Пенденин эң жакшысы – адамдарга пайда келтире тургандыгы.

Ал эми Улукмандын уулуна айтканына көңүл болсок:

"Устатыңды атаңдан артык көр.
Бирөөнүн үйүнө киргенде, көзүң менен тилиңди тый.
Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба.
Перзентиңе адеп менен илим үйрөт.
Эл көзүнчө какырынып түкүрүнбө" дейт.

Адептүүлүк, маданияттуулук "Каныбек" романында "Урумдун Каныбекке айтканы" бөлүмүндө: - Кандайча себеп менен мени кул дедиң, ата?

-Этти кыя кеспей, туура кестиң, чоң кесип, аз чайнап жуттуң. Эт жеп жатканда эки жакты караган жоксуң. Баятан берки малдашыңды үч жолу котордуң. Кездигиңди өтүгүңө аарчыдың. Мен сүйлөп жатканда төмөн карап олтурдуң.

Ошондуктан: Чүйгүн эт кесип жебеген,
Малдаш урунуп көрбөгөн,
Бычагын майлыкка аарчып көрбөгөн,
Жакшы сөздү угууга жайбаракаттык болбой
Жашынан кул болуп, курсагы тойбой,
Жемени көп угуп, жер карамараак өсүп калган экен деп айттым деген.

Адептүүлүккө ата-баба эчактан тарбиялап, "Нанды ыргытпа, жокчулук болот", "Тузду төкпө урушасың", "Ачкыч менен баш кийимди бир столго койсоң, үйдө уруш чыгат" деген ырым-жырымдарга көңүл бурушкан. Адептүү, ыймандуу, билимдүү болууга чакырган. Конфуцийдин окуусунда "Эң жогорку билим − тубаса билим, андан кийинки окуп үйрөнүүдөн алган билим" деп белгиленген. Кыргыз Республикасынын эң жогорку билими бар адамдары өтө көп. Теңдеши жок Саякбай Каралаев тубаса билими аркылуу Гомер атка татыганы эмнени айтып турат. Бул талантты окуп − үйрөнүүдө уланткан жаштар жогорудагы талаптарга жоп берет экен да.

Чынында эле, балдарга кичинекейинен адептүү болууга багыттоо туура. Көп жылдан бери Түп районунун мектептеринде бул маселе тынымсыз жүргүзүлүп келет, анткени ал жакка биринчи барган адамга астынан чыккан балдар сөзсүз учурашып, эмне жардам берели деп сурашат. Сылык, сыпайы, сураган суроого жооп беришет, улууларды сыйлоо милдет катары калыптанганы көрүнүп турат.

Азыр көп иштер жүргүзүлүп жатат. Ар түрдүү жарнактар, макалалар, иш- чаралар жүргүзгөнү менен, анын материалдык базасы болбосо куру сөз боюнча кала берери чындык. Бул үчүн мисалды четинен эле тапсак болот. Мисалы: Кыргыз Республикасы боюча тазалыктын жоктугу, таштандылардын көптүгү элдин турмушу жакшы болсо деле маданиятыбыздын төмөндүгүнүн бир белгиси болуп турат. "Түкүрбө" деген жарнама жакшы, бирок таштандыны ыргытарга шарт жок болсо, көзөмөл болбосо, санэпидемиялык станциянын кызматкерлери иш жүргүзбөсө, мыйзамдуу айып жок ж.б. себептердин негизинде тазалыкка эл көнбөй жатат окшойт. Бул маселени комплекстүү чечкенде гана иш

алдыга жылышы мүмкүн, ал үчүн экономикалык, социалдык проблемалар да чечилиши керек. Жергиликтүү бийлик көп иштерди жүргүзүшү керек, ал үчүн эл менен иштөө, агитация жүргүзүү, экологиялык маалыматтарды күчөтүү талап кылынат.

Кыргыз Республикасында шаарларга караганда айылдар таза турушат. Ар бир кожолук өзүнүн территориясын таза кармашат, экологиялык таза продукт өндүрүүгө багытталган, ал түгүл "Эко айылдар" пайда болуп жатат. Тоң районундагы мындай айылдар эч жакка чыкпай туруп туристтерди тейлеп, маданий-социалдык өнүгүүгө өтүп бара жатат.

Ысык-Көл облусунун мисалында алсак, мектептерде педагогдордун топтору түзүлүп, мектепке чейинки балдарды адептүүлүккө тарбиялоого билим берүүчү борборлорду ачууну ишке ашырып жатышат, ал үчүн АӨ Жобосун иштеп чыгышып, кабыл алышып токтом чыгарышкан. Тоң районунун Тогуз-Булак айылынын көйгөйлүү маселеси болуп мектепке чейинки балдардын тарбиясы эсептелген. Ал үчүн "Шамсия" кесиптик педагогикалык топ 2014-жылдан бери иштеп алгачкы взнос, айлык акыны, алгачкы капиталды топтошуп, АРИСке долбоор тапшырышып, 118 миң сом алышкан. "Шамсия" 34 миң сом, жамааттар 64 миң сом салым кошушуп, мектепке чейинки балдар борборун ачышкан. 2017-жылы 251 бала тарбия алып чыгышкан. Борбордон билим алган балдар мектепте "4", "5" деген бааларга окушат. (4. Муниципалитет 2014, № 35).

Тажрыйба жүргүзгөн топ, эгерде балдар мектепке бул борбордон өтпөй келсе эч даярдыксыз болуп, өзүлөрүн жамаатта алып жүрө албай, жүрүм-турумдун жана тазалыктын жөнөкөй эрежелерин өздөштүрбөй, психологиялык даярдыгы жок болгондуктан, башталгыч класстын мугалимдеринин көп убактысы адепке тарбиялоого кетип, окуу программасын аткарууда тоскоолдук түзөт экен, ошондуктан мындай борбордун болушу зарыл экенин турмуш далилдеди.

Адептүү, абийирдүү, маданияттуу балдарды тарбиялоо үчүн балдар бакчасы ар бир айылда болсо, борборлор ачылса, канчалык социалдык иштер жүргүзүлүп, жарандар ишке орношуп экономикабыз өсөт болчу. Ар бир айылда мечит бар, бала бакча жок. Бул туура эмес.

Балдарга тарбия берүүнүн ордуна милдетин алып калып багам дегендердин кордук көрсөтүп, эки жыл мурда эки жаштагы Ибраимге кылган туугандарынын кылыгы элдин үрөйүн учурду эле. Мындай кара өзгөйлүктү жасаган адам жакында жазасын алып элди кубандырды. Ыймансыздыктын өтө катуу түрү кыргыздардан чыкканы уят маселе экенин ар ким билип койгону зарыл.

Илгери бирөө орой сүйлөп, кол көтөрүп коркутса, "ыйманың барбы" деп эсине келтиришкен. Кыргыз элинде кылымдар бою ыймандуулукка, калыстыкка чакырган. Ызаттуу мамиле "мойнуна камчысын же курун салып" кечирим сураганда өлгөндүн кунун кечкен учурлар болгон, жоолашуу токтогон.

1916-жылдагы Үркүндө согушка бербеген болуштун баласын таап жазалаганы жатканда "курун мойнуна салган" болушту уулу: Андайга барба, ата, элдин намысын мага алмаштырба, - деп атасынан суранып, өлүмдү артык көрүптүр.

Курманжан датканын уулу деле "курду моюнга салып" кечирим сурабашын өтүнбөдүбү. Мына кыргыздын жаштары акылдуу, намыстуу, адептүү болушкан.

Ошондой адамдардын катарына Боронбай дагы кирет. Ал 13 жашында сарбагыштар келип Шапак баатырды айылы менен алып кетебиз дегенде сөздүн чоо-жайын сурап билген Боронбай: "Шапак ата 40 түтүн, алсаңар алгыла, бирок Атаке баатырды бизге бергиле айылы менен" дегенде сөз бүттү деп сарбагыштар кетиптир. 30 жашында (1813-ж) Боромбай 1000 түтүн бугуга аким болуп шайланган.

"Ыймандуулук" деген улуу мамиле эл ичинде жашап келсе, эч качан жаман көрүнүш болбойт. Ал үчүн биз карылар, силер жаштар деп элди экиге бөлүү туура эмес. Адеп, ыйманды үйрөтүү, үйрөнүү, колдонуу керек. Азыр көп жакшы ойлор, мамилелер жандана баштады. Бирок коомдук ишканаларда, транспортто чечилбеген маселелер көп. Маршруткадагы тыгылышта ыңгайсыздык келип чыгып, "азыркылар орун бербейт" деген дооматтар коюлуп калат. Менимче, орун бошото албаган жаштар иштен чарчап келе жатышкан болот. Эптеп олтурса, укканы сын сөздөр. Аларды тургузганча шаар ичиндеги

транспорттордогу алдыңкы орунду алып салып, элди колбасадай тыгып алган айдоочуларды жөнгө салыш керек, бардыгына тиешелүү стандартты коюп, көнбөгөндөрдү алмаштырып бир тартипке келтирбесе адепсиздик, уурулук, уруша кетүү, маданиятсыздык, топчусуз калуу так ушул транспорттон чыгып жатса, кайдагы маданят. Ал үчүн жогору жактагы жооптуу уюмдар өлкөнү мыйзамдуу башкаруусу ‒ бүгүнкү күндүн талабы. Өлкөнү башкаруу тууралуу Конфуцийдин "Эгерде ак көңүл адамдарды өзүъө жакындатып, алардын даражасын амалкөй адамдардан жогору койсоң, карапайым калк сага ошондо баш иет"- деген осуятын айткан. Адептүүлүк, ыймандуулук, маданияттуулук бир адамдын иши эмес, ал ‒баарыбыздын ишибиз.

**Адабияттар:**

1. Азаттык радиосу 04.05.2017 www.azattyk.org
2. «Кыргыз Туусу» гезити www.kyrgyztuusu.kg
3. Телеканал «Сентябрь» 2017/04/26 telekanal_sentyabr
4. Джунушева К.С. Рух Кенчи «Каптагайдын кызы качты» 14-апрель -Каракол, 2016
5. Джунушева К.С. Рух Кенчи «Кёчмён бугу уруусунун Боронбайдын ролуна саясий-экономикалык кёз караш». -Каракол, 2015 декабрь №11(127)
6. Джунушева К.С. Жалын гезити «Щркщн» 30.05. -Каракол, 2016 №040.